<u>**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**</u>

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Кубанычбек Зулуевич Култаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 28-декабрындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2021-жылдын 9-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу К.А. Дуйшеев, судьялар М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ж.И. Саалаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Ж.А. Лобанованын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кубанычбек Зулуевич Култаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 28-декабрындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана К.З. Култаевдин өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2020-жылдын 19-ноябрында К.З. Култаевдин «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи, үчүнчү жана төртүнчү абзацтарынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарына жана 11-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келип түшкөн кайрылуудан келип чыккандай, талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Президентине өзүнүн жүйөлөнгөн чечими менен сунушталган талапкер боюнча материалдарды алган күндөн тартып он жумушчу күндүн ичинде Судьяларды тандоо боюнча кеңешке кайтарып берүү укугун берет. Бирок Конституциянын колдонуудагы редакциясында Президенттин андай ыйгарым укугу жок. Демек, анын пикири боюнча талашылып жаткан ченем Баш мыйзамдын ченемдерине ылайык келбейт.

К.З. Култаев Конституциянын 64-беренеси Президенттин ыйгарым укуктарынын негизги тизмесин камтыйт. Мында Конституциянын 64-беренесинин 11-бөлүгүнө ылайык Президент Конституцияда каралган дагы башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. Ошентип, анын пикири боюнча Президенттин ыйгарым укуктарынын толук тизмеси Конституция менен гана белгиленет жана башка ченемдик укуктук актылар менен кеңейтилиши мүмкүн эмес.

Конституциянын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарына ылайык Президент Судьяларды тандоо боюнча кеңештин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын дайындайт; Конституцияда жана конституциялык мыйзамда каралган учурларда Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын же Судьялар кеңешинин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын бошотот.

Мында жогоруда көрсөтүлгөндөй, Конституция судьялардын дайындалышына макул болбогон талапкерлер боюнча материалдарды Судьялар кеңешине кайтарып берүү бөлүгүндө Президенттин ыйгарым укуктарын караштырбайт. Ал эми бул, арызданнуучунун пикири боюнча «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзам Конституцияда жок жаңы ыйгарым укукту Президентке бергенди билдирет.

Конституциянын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

Кайрылуу субъектиси көрсөтүлгөн тыюу салууну киргизүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын жүктөлгөн иш-милдеттерине жараша функционалдык милдеттерин так ажыратуу, ошондой эле коомдук бийликтин субъекттери тарабынан бийлик ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануудан коомдук кызыкчылыктардын коргоо жана мамлекеттик бийлик органдарына жана алардын кызмат адамдарына мамлекеттик маанилүү милдеттерди өз карамагындагы ыктыяры боюнча чечүүгө жол берүүчү дискрециялык ыйгарым укуктарды алып салуу зарылдыгы менен чакырылган деп эсептейт.

К.З. Култаев өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө сот бийлигинин көз карандысыздык принцибине тийиштүү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 27-декабрындагы, 2017-жылдын 15-февралындагы жана 2019-жылдын 24-апрелиндеги чечимдерине шилтеме жасаган. Арызданнуучунун пикири боюнча судьялардын көз карандысыздыгы мыйзамдын үстөмдүгү жана демократиянын ажырагыс элементи болуп саналат. Судьяларды тандоо кандай гана сот тутуму болбосун ал анын көз карандысыздыгын камсыз кылуунун маанилүү элементтеринин бири болуп саналат.

Кайрылуунун автору Конституциянын 95-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди тандоо  Судьяларды тандоо боюнча кеңеши тарабынан конституциялык мыйзамда аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат деп көрсөткөн.

«Судьяларды тандоо боюнча Кеңеш жөнүндө» Мыйзамдын 1-беренесине ылайык көрсөтүлгөн орган өзүнүн ишин көз карандысыздык, айкындуулук, коллегиялуулук, ак ниеттүүлүк жана мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат. К.З. Култаев «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын 32-беренесинин 1-бөлүгү ченемдик укуктук актылардын ортосунда коллизия болгон учурда укуктук мамилелердин субъекттери жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актынын ченемин жетекчиликке алат деп көрсөтүлгөндүгүн белгилеген.

Ошентип, анын пикири боюнча «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын айрым ченемдеринин колдонуудагы Конституцияга укуктук карама-каршылыгы жарандардын мамлекеттик кызматка кирүүдө, эмгекке өзүнүн жөндөмүн эркин пайдаланууга, иштин түрүн жана кесипти тандоого бирдей мүмкүнчүлүктөрүнө болгон конституциялык укуктарын олуттуу кемсинтүүгө алып келген.

Баяндалгандын негизинде, арызданууучу талашылып жаткан ченемдерди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы К.З. Култаевдин өтүнүчүн карап чыгып, 2020-жылдын 28-декабрындагы өзүнүн аныктамасы менен ал кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы көрсөтүлгөн аныктамада талашылып жаткан ченемдер менен жарандардын мамлекеттик кызматка кирүүдө, эмгекке өзүнүн жөндөмүн эркин пайдаланууга, иштин түрүн жана кесипти тандоого бирдей мүмкүнчүлүктөрүнө болгон конституциялык укуктарынын

бузулушун көрсөткөн кандайдыр бир укуктук аргументтер өтүнүчтө камтылбагандыгын белгилеген, ага карабастан, арызданууч резолютивдик бөлүктө аларды Президенттин ыйгарым укуктарын аныктоочу Конституциянын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3, 4-пункттарына жана 11-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүүнү суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2014-жылдын 15-январындагы өзүнүн чечиминде Конституциянын 97-беренесинин 7-бөлүгү Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адам мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу деп белгилеген. Демек, конституциялык сот адилеттиги конституциялык контролдоо функциясын аткарып жатып, Баш мыйзамга карама-каршы келген ченемдик укуктук актылардын колдонулушунан улам жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин бузуудан коргоо максатын көздөйт.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы Конституция конституциялык сот адилеттигине жогорку деңгээлде жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу менен бирге эле, мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу жөнүндө суроо-талап менен конституциялык контролдоо органына кайрылууга укуктуу айрым субъекттерге шарт коюу менен алардын чектерин көрсөтөт деп белгилейт. Бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө караштырылган адамдын, жарандын укуктары жана эркиндиктери бузулган болсо, ошондо гана жеке жана юридикалык жактарда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылуу укугу пайда болот дегенди билдирет.

Мында «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 20-беренесине ылайык Конституциялык палатага кайрылуу укугу көрсөтүлгөн берененин биринчи бөлүгүнүн 2-6, 8-10-пункттарында көрсөтүлгөн органдар жана кызмат

адамдары жана алардын компетенциясына таандык бөлүктө гана компетенция маселелери боюнча Конституциялык палатага кайрыла алышат. Баяндалгандан улам, коллегия арыздануучуну өтүнүчтө баяндалган талаптар алкагында кайрылуунун тийиштүү субъектиси эмес деп эсептеген.

К.З. Култаев судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 28-декабрындагы аныктамасы менен макул болбостон, 2021-жылдын 9-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өзүнүн даттануусунда алгачкы кайрылуусунда келтирген жүйөлөрдү кайталап келтирет. Мында К.З. Култаев талашылып жаткан ченемдерди колдонуу Конституциянын 16-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү, 17-беренеси, 20-беренесинин 1-бөлүгү, 42-беренесинин 3-бөлүгү, 52-беренесинин 4-бөлүгү менен каралган укуктарды жана эркиндиктерди бузат деп белгилейт, тактап айтканда, алар: эмгек эркиндигине болгон укук, эмгекке болгон жөндөмдүүлүктү эркин пайдалануу укугу, иштин түрүн жана кесипти тандоо укугу, мамлекеттик кызматка кирүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөргө болгон укук, ошондой эле жогорку баалуулук катары аныктоочу жана аларды жокко чыгаруучу мыйзамдардын кабыл алынуусун мүмкүн эместигин белгилөөчү адамдын укуктары жана эркиндиктери.

Андан тышкары, кайрылуу субъектиси судьялар коллегиясынын Конституциялык палатага кайрылуу укугу көрсөтүлгөн берененин биринчи бөлүгүнүн 2-6, 8-10-пункттарында көрсөтүлгөн органдар жана кызмат адамдары жана алардын компетенциясына таандык бөлүктө гана компетенция маселелери боюнча Конституциялык палатага кайрыла алат деген «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 20-беренесине жасалган шилтемесин мыйзамсыз деп белгилейт. Андай болбосо, анын пикири боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын 21-беренеси менен укуктук коллизия түзүлүүдө, ал мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө кайрылуу укугуна аталган

Мыйзамдын 20-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн бардык субъектилер ээ экендигин аныктайт.

Арыздануучу аны кайрылуунун тийиштүү субъектиси эмес деп таануу бөлүгүндө судьялар коллегиясынын тыянактары менен макул эместигин билдирет, анткени бул анын кайрылууга болгон конституциялык укугун чектейт жана соттук конституциялык контролдоо органынын конституциялык арналышын бурмалайт, Конституциянын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык эч кандай чектөөгө тийиш болбогон соттук коргонуу укугун чектейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келди.

Баарынан мурун, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кайра кароо тартибинде судьялар коллегиясынын тыянактарын укуктук баалоо алгачкы кайрылууда келтирилген аргументтер жана талаптар алкагында гана жол берилерин эске алуу зарыл.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык кайрылууда кайрылуучу тараптын коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси милдеттүү тартипте көрсөтүлүүгө тийиш. Аны менен, арызданууучуга өзүнүн көз карашын талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучулук таасири Конституция тарабынан кепилденген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин, ошондой эле башка конституциялык орнотмолорду кантип бузуп жатканын түздөн-түз көрсөтүүчү логикалык жактан ырааттуу жана укуктук мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр менен аргументтеп берүү милдети жүктөлөт. Мында, талашылып жаткан ченем жана Конституция ортосунда сөзсүз тутумдук байланыш болуу керек.

Бирок, арызданууачу көрсөтүлгөн ченемди бузуу менен алгачкы кайрылуусунда адамдын жана жарандын кепилдиктерин камтуучу Конституциянын ченемдерине шилтемелер болгон эмес, анда Президенттин ыйгарым укуктарын, анын ичинде жергиликтүү соттордун судьяларын дайындоо боюнча ыйгарым укуктарын регламенттөөчү Конституциянын 64-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3, 4-пункттары жана 11-бөлүгү гана келтирилген.

Андан тышкары, демократиясы өнүккөн көптөгөн өлкөлөрдө жеке адамдар конституциялык сот өндүрүшүнө түз жеткиликтүүлүккө ээ эмес, себеби сот өндүрүшүнүн бул түрү анын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сот адилеттигине жетишүүнүн эл аралык таанылган кепилдиктин милдеттүү элементи болуп саналбай тургандыгын белгилей кетүү керек. Ага карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясы Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адамга алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу берүү менен (97-берененин 7-бөлүгү) жеке жана юридикалык жактар үчүн конституциялык сот өндүрүшүнө кеңири жеткиликтүүлүктү берет.

Ушуга байланыштуу, арыздануучунун анын соттук коргонууга болгон конституциялык укугунун бузулушу жөнүндө пикири жаңылыштык болуп саналат.

Талашылып жаткан ченемге ылайык Президент өзүнүн жүйөлөнгөн чечими менен сунушталган талапкер боюнча материалдарды алган күндөн тартып он жумушчу күндүн ичинде Судьяларды тандоо боюнча кеңешке кайтарып бергенге укуктуу. Бул диспозициянын маңызынан келип чыксак, ал Судьяларды тандоо боюнча кеңешке сунушталган судьялыкка талапкерди сөзсүз түрдө четтетүүгө жана анын натыйжасында ал адам эмгекке болгон укугунан жана мамлекеттик кызматка дайындалуудан ажыратылууга алып келген мүмкүнчүлүктөн кандайдыр бир мыйзамдардагы шарттарды же чектөөлөрдү белгилебейт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы эмгек эркиндигине болгон конституциялык укук жарандын тандаган иштин түрүнө жана кесибине ылайык белгилүү кызматты милдеттүү тартипте ээлөө укугун жана ким гана болбосун андай жумушту же кызматты берүүгө милдеттүү экендигин билдирбейт деп өзүнүн чечимдеринде бир нече жолу белгилеген. Эмгекке болгон эркиндик ар кимге башка жарандар менен бирдей шарттарда жана кандайдыр бир басмырлоосуз өзүнүн эмгекке болгон көндүмдөрүн ишке ашырып, эмгек мамилелеринин жүргүзүлүшүн камсыз кылууну болжойт.

Аны менен, талашылып жаткан ченем арыздануучу көрсөткөндөй укуктарга жана эркиндиктерге кандайдыр бир жол менен тийгизүүчү жөнгө салуучулук таасирине ээ эмес, ал Кыргыз Республикасынын Президентине белгилүү укукту берүү жолу менен ачык билдирилген ыйгарым укуктуулуктун мүнөзүн алып жүрөт. Башка сөз менен айтканда, талаштын предмети болуп мамлекеттик бийликти куруу тутумунун жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык жогорку кызмат адамдарынын ыйгарым укуктар чөйрөсүн аныктоонун маселелери саналат. Тактап айтканда, кеп конституциялык сот өндүрүшүн демилгелөө атайын субъектилерге таандык чөйрө жөнүндө, ал эми Кыргыз Республикасынын жарандары аларга кирбейт.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясы арызданууну кайрылуунун тийиштүү субъектиси эмес деп жүйөлүү тыянакка келген деп эсептейт жана 2020-жылдын 28-декабрындагы аныктаманы жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кубанычбек Зулуевич Култаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Кубанычбек Зулуевич Култаевдин «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи, үчүнчү, төртүнчү абзацтарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2020-жылдын 28-декабрындагы аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Ушул токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**